18+

Замирбек Өсөров

# Март революциясы

Коомдук-саясий драма

Замирбек Өсөров

# Март революциясы. Коомдук-саясий драма

«Издательские решения»

**Өсөров З.**

Март революциясы. Коомдук-саясий драма / З. Өсөров — «Издательские решения»,

ISBN 978-5-00-513754-8

В данной книге представлена драма «Март ыңкылабы» («Мартовская революция») Замирбека Өсөрова, отражающая одно из самых важных событий в новейшей истории Кыргызстана, связанное с мирной сменой власти в марте 2005 года.Это было время больших возможностей, не использованное в достаточной степени ответственно новой властью — для прорыва в принципиально новое состояние нашего общества. Но в жизни и особенно в политике упущенный шанс часто оборачивается трагедией.

ISBN 978-5-00-513754-8

© Өсөров З.

© Издательские решения

# Содержание

Предисловие 6
Катышуучулар 9
Биринчи акт 11
Биринчи көрүнүш 12
Экинчи көрүнүш 13
Үчүнчү көрүнүш 18
Конец ознакомительного фрагмента. 20

# Март революциясы
# Коомдук-саясий драма
# Замирбек Өсөров

© Замирбек Өсөров, 2024
ISBN 978-5-0051-3754-8
Создано в интеллектуальной издательской системе Ridero

# Предисловие

Драма Март ыңкылабы – новейшая история Кыргызстана: как это было и что это значило… Что дает нам опыт Мартовской революции 2005 года на сегодняшний день?

С большим любопытством прочитала историческую драму писателя Замирбека Осорова, и почувствовала «послевкусие». Это pattern политической власти в постсоветских странах, на примере Кыргызстана. Осмысление Мартовской революции бесценно и актуально с точки зрения настоящего.

Я тоже участник событий тех лет: была одним из лиц молодежного движения «Келкел». Я тогда часто читала статьи автора, как буревестник, в газете МСН. Теперь, спустя 15 лет, с удивлением читаю его драму. События предстают перед нами в диалоге и обсуждении активных свидетелей и участников.

Жанр драмы – это сочный, завлекающий стиль. Мы знаем про Уркун 1916 года из драмы Жоомарта Боконбаева «Ажал ордуна», где через судьбу Ажар, мы узнаем судьбу нашего народа, и события великого испуга и наплыва в Китай. Или через «Сынган Кылыч» Төлөгөна Касымбекова, наши люди знают годы Кокандской власти, чем из книг официальной истории.

Также, через эту драму мы узнаем события Мартовской революции 2005 года, то настроение и ту энергетику и страсти, которые витали в воздухе именно в те годы. Историю несправедливо судить в другом контексте, а только в своем. Поэтому преподнесение истории и выявления ее сути, намного интереснее через литературу, потому что широкие массы легче читают художесвтенную, нежели академическаую, литературу. А ведь главная аудитория этой драмы – не узкий круг, а более широкие массы. До них должны дойти эти уроки…

Эта книга может показаться субъективной для некоторых, и она не претендует на истину последней инстанции, потому что ничто в мире абсолютно и не определенно, тем в более в такой политической теме, как история. И каждый должен свои правду написать, по мере своего таланта, и все это будет вкладом в расшифровку общего пазла. И Осоров выполнил свою часть. Без лукавства и размытости, автор сам берет сторону «революционеров», и такая цель мне очень нравится, потому что это не академическая, а художественная работа, и эта роскошь позволяется в литературе.

Самая главная суть и достоинство этой драмы – это изъятие уроков из опыта тех событий: не дать украсть народную революцию; кому не дать: противникам изменения, а также новым властям. это осмысление пути Кыргызстана, и духовное и политическое направление. И это осмысление самое важное, и все остальное это детали и изюминки. «На стол» ставится все модели, как демократия, национальный кыргызский путь, запад, глобализация, Россия, Америка. Для меня это максимально объективное обсуждение темы, с ракурсов всех мыслителей, анти и про стороны революции.

Драма построена вокруг диалога между главными героями: журналиста и Рухайым, ясновидящей женщины, которая заранее «видела» плохой конец первого президента. Другие ключевые актеры это Куудул и Даанышман очень пикантны, и задают сарказм и вкус произведению. В эпизодах, конечно, народ, диктор, персонажи политологи, медики, предприниматели, ну и сами политики как Акаев, Бакиев, Өмүрбек Текебаев, Бекназаров, Кулов, и т. д. Вы также узнаете здесь таких отрицательных политологов, как Князев.

Декорации меняются, но ключевые актеры Журналист и Рухайым, через свои вопросы друг другу и разговор, проясняют сюжет. Кроме политиков, все образы собирательные, абстрагированные. У меня был большой соблазн расшифровать этих персонажей, но точно не смогла. Но суть не в этом, суть в идеологической роли этих лиц.

Тонкой ниточкой сквозь драму идет мир мистики, тонкий мир, связь между этим миром и небесным. Рухайым служит каналом получения и передачи этих сигналов главным людям.

Ее предвидения связаны с такими священными для кыргызов, как духи Неба и Манаса. Все время идет борьба с темными силами, и эта психологическая темная сторона…

Самым большим впечатлением для меня было сон Рухайым о втором президенте, Бакиеве. Не буду рассказывать вперед, но это жуткий сон, который мог спасти потом страну, но никто не хотел слышать про этот сон.

И конечно, есть там главная ясность между злом и добром. Идеальная форма правления – это истинно народная власть. Очень правильные понимания у автора: народная власть – это когда «Эл өзү бийликке ээ болгусу келип жатканы», «бийлик качан элге кызмат кылганы, «Бийлик качан, кайсыл мезгилде, жана кандай шарттарда дитин коюп кызмат кыла баштайт» (11 – бет), «Бийлик калыс, чынчыл, таза болсо, элдин бийлиги деген ошол». Конечно, этому идеалу мешают много факторов: коррупция, трайбализм и зависть, и регионализм.

Кстати, автор берет тему шире, чем просто демократия. Он адаптирует его с кыргызскими традициями: «Өзүбүздүн ыйманыбызга бек болуп, каада салтыбызды так жана туура колдонуудан башташ керек» (стр 27) Он предлагает власть снизу-вверх, с уровня айыл өкмөтү, и дальше вверх. Он предлагает институт курултая, что и есть прообраз западного Парламента. «Бийликтин туурун олку солкудан бекемдеш үчүн, анын курамына тең пропорциядагы өкүлдөрдү шайлаш керек: өкмөт, ишкер жана коомдук уюмдардан. Мына ушул микрокоомдук үч бурчтук айылды бириктирген түзүлүш болот» дейт ал. (28 бет).

И уже дается шпаргалка или рецепт любому будущему правителю, чтобы его не настигла участь бывших президентов, Акаева, Бакиева, и я добавлю Атамбаева: это выполнять обещания. Сказать просто, делать трудно. Именно это главное слово «выполнить обещания» и хотели сказать и достучаться главные герои до президента, но кто бы их слышал. Это простое слово было бы спасением для страны и предотвращения воплощения ужасного сна Рухайым… Но случилось то, что случилось. Природа власти, как в фильме «Властелин Колец» или «Звёздные войны» такова, что она слепа и глуха, и редко когда добро достукивается до нее. Власть для духовно не стойких людей, мощный ураган испытаний. Только духовно крепкие люди, и то, с силой, смогут приручить власть и делать его благом для себя и народа. В истории очень мало таких людей, такие как Курманжан Датка, Исхак Раззаков, Нельсон Мандела, лидеры Махатма Ганди, Мартин Лютер Кинг Америки.

Книга не наскучит вас хронологией, а дает диалоги и обсуждения, и это легче читать и «пить».

В драме приводится роль НПОшников, международных организаций, хвалящих революцию, и помогающих через семинары о предотвращении конфликтов. И я как раз работала в этом международном проекте ОБСЕ, и очень точно помню эти созвучия и поддержку. Этот НПО был «Фонд за Международную толерантность».

Трогательным моментом запомнился мне момент, когда Журналист и Рухайым, искренне помогавшие новой власти встать за руль, после революции, оказались на обочине, неуслышанными, и даже не получившими законно заслуженные позиции в госаппарате. Теперь они продолжают быть неравнодушными, но уже через газету, надеясь, что читают первые люди. В этой статье журналист продолжает оправдывать нового лидера, и тот момент, когда он кушал манты, это был очень достойным моментом, это сильная часть драмы. Когда лидеры приходят во власть, и в 2005 и 2010 году, они резко блокируются от своих же соратников, и их мгновенно окружают совсем другие люди, гипнотизирующие своими чарами и со своими личными корыстными интересами. Тонко подмечена это явление новой власти, в авторитарных странах, как наша. Я такое отчётливо слышала и от участников революции 2010 года.

Драма может быть замечательным чтением для студентов политологии, потому что на простом народном языке объясняется понятия как демократия, плутократия, клептократия. Это произведение также я рекомендую для курса по новейшей политической истории Кыргызстана. Годы правления Акаева и Бакиева, включая Аксыйские события 2002 года, тут охва-

чены, тем более роль именно президентов, а также таких политиков, как Бекназаров, Сарыгулов, Кулов, ясно переданы.

Мастерство и виртуозность Осорова в его доступном простом и богатом языке, что характерно ему по всем его другим произведениям. Его ментальный охват общего и конкретного, глобализации и локализации, впечатляет. Через слова Даанышмана и он ищет неповторимый путь Кыргызстана, свободу среди мирового хаоса и суматохи, не теряя свое национальное, свой код и духовный каркас. Я подумала, что Осоров это неофициальный политолог и философ.

Впрочем, драма «Март ыңкылабы» является не только исторической летописью, но и осмыслением сущности власти в пост советских странах, на примере Кыргызстана, и того, как власть на самом деле должна быть, чтобы не закончить трагически. Настоящую революцию нужно оберегать от хваткиx подхалимов, олигархов и коррупционеров. И оберегать должны его все гражданское общество, потому что хозяин власти – это народ, а не президенты. Спасибо автору за этот вклад в осмысление и дискуссию нашей новой истории.

Бурул Усманалиева,

гражданский активист, участник Мартовской революции, Магистр международных отношений, 31 АВГУСТА 2020 ГОДА

# Катышуучулар

– жашы 70ке барып калган өлкөгө белгилүү адам, акылы терең аксакал. Совет доорунда көп жылдан бери чоң өндүрүштө жетекчи болуп иштеп келген, эркиндик заманында элди тынбай аракеттенүүгө, эмгек кылууга, өнүгүүгө жана такшалууга чакырган партиянын лидери жана идеологу. Прототиби Садыр Назаров, белгилүү коомдук ишмер, илимпоз, анын сүрөтү китебтин сырткы бетинде берилген. **Даанышман**

– саясий коомдук ишмер, акын жана философ. Мурдагы ажону кызматтан качып кетуусун бир жыл илгери билип, ошондой эле жаңы президенттин такка келишин алдын ала айтып, ошол тууралуу поэма жазып, коомчулукка кеңири таанылып калган аялзат. **Рухайым**

– мурдагы ажону тактан кетирүү, жаны бийликтин, ажонун келишине олуттуу салымы бар инсан, чыгаан журналист. **Журналист**

абдан жөндөмдүү, тез кыймылдаган адам. **Куудул –**

жылаңач батырлар, укук коргоочулар, коомдук ишмерлер. **Революциянын коргоочулары –**

– ак-шапкечендер, акаевдин идеологдору, ишмерлери, чинолвниктери, журналисттер жана башкалар. **Революцияга каршы тарап**

бөтөн улуу өлкөнүн өкүлү, ыңкылапты төңкөрүшкө айландырууга өмүрүн арнаган, ошонун эсебинен жанын баккан политолог. **Балитолог –**

эски бийлик тарабындагы көзү ачыктар, кошокчулар, дуба салуу, көздү боемолоо жана башка магиянын өнөрчүлүгү менен ынтызарланган өлкөбүздөгү кара көчтөр. **Саясий желмогуздар –**

– Ала-Тоо аянтында чогулган адамдардын алыстан угулуп турган сөздөрү, чакырыктары, ураандары. **Элдин үнү**

– өзү сценага көрүнбөй, трибунага чыккан же экранда пайда болгон адамдарды тааныштырып, алар тууралуу сөз кылып же аларга сөз берип турган актер. **Диктор**

: **Эпизоддордо катышкандар**

**Кыргызстандын бугунку Ажосу**

**Кыргызстандын экс-Ажосу**

Кыргызстандык коомдук жана саясий ишмерлери

, **Дастан Сарыгулов Азимбек Бекназаров, Омурбек Текебаев, Феликс Кулов, Мелис Эшимканов жана башкалар.**

**Диктор:**

Ушул күнгө чейин талаш түгөнбөдү:
Бул эмне болду – ыңкылаппы
Же төңкөрүшпү?
Ушул күндү тосуп,
Биз сүйүнүп жыргайлыбы
Же боздоп ыйлайлыбы?
Мурдагы бийликти атадай көргөндөр
Коомдун пикирин ача бөлгөндөр,
Атасыз калгандай өкүрүп,
Катуу эле убайым тартты
Саясатчылардын бир даары.
Бул тарыхый соболго
Эң туура жоопту берет биздин драма.
Асмандын да жердин күчтөрүнүн
Бири-бири менен кармашканын,

Бийик жана пас заттардын мелдешин,
Ортодо өз пайдасын көздөп кычаганын,
Же жөн эле бийлик оорусунан курттаганын,
Трайбализмден айыкпаганын —
Баардыгынын бет ачары башталды.
Кандай болсо да, мекендештерим,
Кудай тарапта дайым болууга аракеттенели.
Биз бул тарыхый драманын
Шекспирге тең келебиз деп жаратпадык,
Өлкөбүздүн атагы менен кадыр-баркы
Англиядан кем эмес болсун деп саамадык,
Президентибиздин түбөлүк түспөлү
Авраам Линкольндун турсун деп катарында.
Эмне болот мунун аягында
Баардыгыбыз күбө болобуз убагында.
А бирок мезгил өтө электе, туугандар,
Улуу тарыхый ролду ойноого далбас уралы,
Кийин баардыгы өтүп, калбайлы арманда,
Бизден кийңки урпак-туягыбыз,
Сыймыктанып өссүн бизди эскерип
Жакшы эле болгон аталар деп,
Март ыңкылабын жаратууга жараган деп,
Кетирбей биз кетирген каталарды.

# Биринчи акт

**Ак-Үйдүн кулаганы**

*Көшөгө ачылары менен чоң экранда Ала-Тоо аянты, 2005-жылдын 24-мартындагы тарыхый окуялардын финалдык көрүнүшү чагылдырылат. Ак-Үйдүн чабуулу, кулаганы, кыргыз элинин стихиялуу түрдө, толкун сыяктуу жети кабаттуу өкмөт үйүнө каптап киргени. Элдин революциясы иш-жүзүнө ашты. Акырындык менен экрандан миңдеген элдин, ыңкылаптын үнү басылып, аягында фильм токтоп, экранда Ак-Үй, анын айнектеринен карапайым элдердин сүйүнгөн жүздөрү көрүнгөн сүрөт гана фон катары бул актынын аягына чейин экранда калат.*

*Сценанын сол тарабында Гайд-парктын трибунасы турат.*

## Биринчи көрүнүш

*Сахнага Журналист менен Рухайым чыгышат.*

Эч кимдин Ак-Үйдү алам деген оюу болгон эмес. Баардыгы өзүнөн өзү эле болуп калбадыбы. **Журналист:**

*Аянтта топтолгон элдин үндөрү угулат:*

Бакиев! Бакиев! Бакиев!

Кулов! Кулов! Кулов!

Өзүнөн өзү болгон жок бул окуя. Асман, улуу Жараткан, ааламдын бийик акыл-эси Акаевди тактан кетирүүгө эң оболу кызыгдар болгон. Алдын ала сен тактан кетүүң керек деп ага көп жолу эскерткен, эгер убагында кетпесең, өз атың жана үй-бүлөң тарыхта кара тамга менен жазылат деп, – ал бийликке мас болуп, андай эскерүүлөрдү укпады. Акыры боло турган иш болду. **Рухайым:**

Эмнеси болсо да, аягы жакшылык менен бүтөт деген ишеним бар. Революция майданы кимде кимди бийликтен кулатып, тууган элинен, жеринен безитсе, башкаларды бириктирген болду. Мына биз дагы ушул жаздын ажайып күндөрүндө, ыңкылапчыл Бишкектин кайнап турган көчөлөрүндө, өлкөбүздүн тарыхы чечилип жатканда, эт менен челдин ортосунда турган өтө кооптуу мезгилде сени менен таанышып калбадыкпы. Мен үчүн бул ынкылаптын эң чоң белеги болду, сени менен Ак-Үйдүн чабуулу мезгилинде таанышып калганым, **Журналист:**

Сен биз тарап экениңди көрүп,

Жеңиш биз тарапта болоорун түшүнүп.

Жүр эмесе, кулаган Ак-Үйдүн короосуна кирип, аерде сүйлөгөн ораторлордун сөздөрүнө кулак салып көрөлүчү. Алар эмне жөнүндө сөз кылып, эмнени ойлоп жатышат экен? **Рухайым:**

*Аянтта кайрадан калың элдин үндөрү угулат:*

Бакиев! Бакиев! Бакиев!

Кулов! Кулов! Кулов!

# Экинчи көрүнүш

Сценага Даанышман менен Эл-аралык эксперт Куудул чыгышат. Даанышман – салабаттуу, оор басырыктуу адам, Эл-аралык эксперт – Батыш өлкөнүн өкүлү. Куудул – элпек, ыкчам кыймылдап, сымаптай ойноп, турган жеринде бийлеп да, машыгып да, энергияга толгон жигит.

**Эл-аралык эксперт:**

Дал экиге бөлүндү өңдөнөт өлкөнүн электораты,
Жарымы Бакиевди жактырып, башкасы Куловду.
Эми бул эки чыгаан кантип бөлүшөөр экен бир кызматты,
Утулган тарап да козгоп жибербейби кээ бир бүлгүндү?

Кудай сактасын андан.Кан төгүлбөй, баардыгы ушундай аяктаганы дурус эле болду. Эгерде ок атылып кан төгүлгөн болсо, бийлик менен элдин ортосундагы тирешүү мынчалык бат жана күтүлбөгөн жерден оңой басылмак эмес. **Даанышман:**

Эми аны териштирүүгө кажет жок. Кан төгүлүшү керек элеби же жокпу, ак-шапкечендерби же митингчилер өзүлөрүбү Бишкектин магазин-дүкөндөрүн тоноштубу же шаардын мыңк этпей жүргөн момундары түн ичинде шаарды тозутуштубу – эми бары бир болуп калбадыбы. Ошондой эле бул эмне өзү – ыңкылаппы же төңкөрүшпү же жөн «захватбы», мордобой, мародерчулукпу – мунун баарын эми тарых өзү ырастайт. **Эл-аралык эксперт:**

Ооба, мунун баарын тарыхка жана кийиңки муундарпыбыздын сынагына, сотуна, көзөмөлүнө кой… **Даанышман:**

Yes it is, I am wholly agry with you. It is just the Great Kyrgyz Revolution! **Эл-аралык эксперт:**

А балким революция болбой калсачы? **Куудул:**

Жок, жок. Бул накта революция. It is just the Great Kyrgyz Revolution! Little late all other states around you will go after yours path. **Эл-аралык эксперт:**

Бул соболдорго азырынча жооп табылбайт. **Даанышман:**

Кандай болгондо да Акаев качып кеттиби, бала-чака, күйө-балдары менен кошо, демек Кыргызстанда бийлик алмашты деген кеп да. Ал эми бийлик алмашканда, аны менен кошо бийлер, төрөлөр алмашат бири калбай, коом бир аз болсо да тазарат деген шанс, мүмкүнчүлүк пайда болот эмеспи.

**Куудул:**

Ооба, болгон дейт ошондой үмүт, кыял,
Эл-аралык деңгээлде тарады ушундай мишмиш,
Тетиги Грузия, Украинадан жуккан ооруу имиш,
Аягы айланса да ботко, кишмишке.
Бул уже биздин эмес маселе, ишибиз —
Баардыгана жооп беришет эртең —
Жыргал турмуш жаралабы же тажаалбы, —
Революциянын самап жараткандар,
Алла-Талаага ыраазылыгыбызды айталы бүгүн,
Мекенибизди өзгөртүүгө жол ачып бергени үчүн.
Мурдагы бийликке өлкөбүздү мүлжүттүрбөй бүтүн,
Жүрөк үшүн алдырып, четке кууп чыкканы үчүн.

Ооба, ырахмат сага, Кудайым, Кыргызстанда ушул күндөрдө болуп жаткан саясий окуялар Сен тууралуу кабарды берип жатпайбы. **Даанышман:**

Албетте ырахмат. Heaven blesses Kyrgyzstan selectively. For that yours people must to act and behave respectively, because it is Revolution! **Эл-аралык эксперт:**

Рахмат сага, Жараткан! **Эл үнү:**

Сценага Журналист менен Рухайым чыгышат.

Асман, Тенир, айкөл Манас баатырыбыз ушуну билишкен, өз батасын беришип. Кыргызстанды асмандагы улуу күч дүйнө-жүзүндөгү ажайып пилоттук проект, долбоор катары кабыл алды. Ушуну унутпайлы. Кыргыз эли, жери улуу экенин, Кудайдын көзү бизге түз болгонун сезбей жатасыңарбы? **Рухайым:**

Эгерде андай болбогондо, кантип Ак-Үй куламак? Курал-жаракка жык толгон плутократ ажонун чээни. Кыргыз элинин алтынын, пахтасын, сууларын, жерин тоногон падыша, Аксы элин аттырган зөөкүр бийлик дагы бир жолу массалык түрдөгү кан төгүүдөн, өз элин автомат менен атуудан баш тартат беле? **Журналист:**

Плутократ деген эмине, туугандар, **Эл үнү:**

Бергилечи анын аныктамасын?

Хоп болоду, жан акебайлар.Сиз түшүндүрүп бересизби, мударис акебиз? **Куудул:** *(Эл-аралык экспертине кайрылып).*

Эл-аралык эксперт: Yes, OK

*Чөнтөгүнөн блокнотту алып, окуй баштай.*

Кечиресиз, мен бул терминдерди мурдатан эле кыргызчалатып алганмын, эмесе кулак салып уккула.

Плутократия деп, өңкөй байлардын бийлигин айтат,
Кыскасы, байлар бийликке келип, кысталактар,
Ого бетер байыйлы деген максатта
Түзөт мыйзамдарын, Конституциясын, тартибин,
Башка балекеттин баарын ойлоп тапканын,
Эптеп эле сиз менен биздин канын сооробуз деп башкарганын,
Жалпы элдин талабын таптакыр унуткарганын —
Мына ушундай башкарууну, кудай урганды,
Плутократия же кыргызча Бүлдөккратия дейт, туугандар.
Ал эми Клептократия деп
бийликке келген кылмышкерлердин өлкөсүн айтат.
Бул бийликтин арам түрү амал дегенде
жатып калган кысталактардын бийлигин чагылдырат.
Эң жаман мыйзамдарды, Конституцияны
өзүнүн бийлигин кармап калуу үчүн
жараткан шүмшүктөрдүн бийлигин айтат.

**Куудул:**

Кыскасы, мындайдардан үлгү албагыла, туугандар,
Эгерде келечекте кимдир-бирөөңөр президент болуп калсаңар,
Булардын баары саясаттагы ириң-чирик, көтү-баш, гангреналар.
Элди бийликке келип биротоло курутабыз дегендер,
Ушуну эсиңерге бек түйүп эч убакта унутпаңар,

**Эл-аралык эксперт:**

Эгерде келечекте кимдир-бирөөңөр президент болуп калсанар,
Ушуну эсинерге бек түйүп, эч убакта унутпаңар!
Аскар Салымбеков болобу,
Же Эмиль Умөталиевби,
Же жолдош Ашир Түлөкабыловбу.
Негизи, өз элиңди тонобогун,
Тыгып атса да сага акчана, бурадарың.
Ажолук колдун кири—келет-кетет,
Абийирди жоготсоң – кайра таппайсың.

Бала-чакаң, небере-чөбөрөң толуп ызаага.
Эмнеге мындай жегич болгон деп биздин grand father.

**Даанышман:**

Анда эмесе, ушул күн кыргыз эли үчүн түбөлүктүү майрам болсун! Кыргыз эли Кудай менен бетме-бет сырдашкан, жүздөшкөн түбөлүктүү күн болсун 24 март күнү, баардыгыбыз ошого колубуздан келген күчүбүздү, акылыбызды кошолу. Оомийн!

(алыстан **Эл үнү ):**

Түбөлүктүү Эл майрамы болсун бул күн!
Бүткүл дүйнө-жүзүн силкинтти катуу толкун,
Бүткүл дүйнө-жүзүндөгү бийлик амалкөйлөрү сокку жеди!
Клептократтар, плутократтар, доңузкраттар титиреди,
Ойлогон максатына, тилеген тилегине жетсин,
байыркы Ала-Тоо эли!

Революцияны коргоогондордун бирине сөз берилет! **Диктор:**

*Гайд-парк трибунасына революциянын коргоочусу чыгат*

Албетте, бул күн түбөлүктүү Эл майрамына айланат. Ыңкылаптын душмандары канчалык амалкөйлүк менен ошол 24 марттын түнүндө өзүнүн карамүртөз ыплас акцияларын аткарып койсо да. Акаевдин жактоочулары жөн жаткан жок. Жаңжалды күндүзү эле баштап акшапкечендер, өзүлөрү ит болуп калың элдин көзүнчө, түндөсү болгон күч-аракетин жумшашып, революцияны биротоло жок кылууга аракеттенбедиби бул шүмшүктөр. Ачыгын айталы, туугандар, аларга кошулуп калың элдин бир тобу да шаарды тоноо акцияларына аралашып кетпедиби. Бирок негизги уюштуруучулар дал ошо акаевчилер, алар бүгүн да болгон күч аракеттерин ыңкылапты жоктогонго жумшап жатпайбы, эртең да ушул иш менен алек болушат, шүмшүктөр жана суук тумшуктар. Ошондуктан революцияны коргой билели. Күрөш али алдыда.

**Ишкер:**

: Түбөлүктүү Эл майрамы болсун бул күн! **Элдин үнү**

Эми адилеттүүлүк үчүн трибунадан сөз берели. **Диктор: Революцияга каршы тарапка**

(Кара костюмчан башына ак кепканы кийген трибунага чыгат). **Анти-Ишкер**

Ооба, силерге! Бул эч кандай ыңкылап эмес. Болгону эле төңкөрүш. Ошондуктан, бул күн мародерлордун күнү болуп түбөлүктө сакталып калсын! **Анти-Ишкер:**

Анткени бул ынкылаптын максаты канчалык чапса өргө,
Ошончолук мурдагы бийлик жылган болот көргө
Тарых алдында бөлөнүп чексиз уятка!
Тескерисинче, эгерде революциянын чыкса ашмалтайы
Анда ыңкылапчыларды да Кудай урганы.
Мурдагы бийликтин кайта баштайт кадыр-баркы,
Акырындап – унутулуп уурдаган миллиарды,
Бары бир жакшы болот аягында экс-ажо,
Эгерде жаңы бийлик андан да болсо келесоо,
Тез эле коррупцияга белчесинен матырылып,
Ыңкылаптын идеалын шылдың кылып.
(Сценадан түшүп кетет).

Ыңкылапты төнкөрүш деп табышкан, **Эл үнү:**

Төңкөрүлсүн баары каргыштан!

Негизинен демократиялык өлкөлөр дүйнө жүзү боюнча Бишкекте болуп жаткан тарыхый окуяны революция катары кабыл алышты. **Диктор:**

Yes it is. This is the Great Kyrgyz Revolution! The day when Heaven told with people on the Ala-Too. **Эл-арадык эксперт:**

**Диктор:**

Ошол эле мезгилде СНГ өлкөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү, Грузия менен Украинадан тышкары, Март ыңкылабын салкын маанайда тосушуп, Россия Кыргызстандагы болгон окуяларда кайра эле Батыш менен Американы айыптагандай сыр көрсөтүп, Кыргызстандан качкан экс-ажоону өзүнүн жылуу берешен кучагына алып коргоду.

Бул жагынан алганда ыңкылаптын душманы болуп аталган, Акаевдин лагеринен чыккан журналист-Балитологдун айткан сөзү өзгөчө маанилуу. Мына мындай ал Москвадан чыккан газетага айтыптыр:

*Трибунага чыгат.* ***Балитолог***

Разумеется, революцией в Кыргызстане и не пахнет. Произошел банальный переворот и приход к власти южных кланов взамен уступившего северного акаевского рода. Однако у нового руководства Кыргызстана свое мнение по этому поводу, и они уверены, что то что имело место 24 марта является революцией. Тогда как для этого дня больше подходит название – День мародера. **Балитолог:**

*Куудул Балитологду трибунана түртүн, анын ордун ээлейт,*
*Балитолог «Я протестую» деп, бирок трибунадан кетет.*

Атаңдын көрү, өзүң мародерсун, **Куудул:**
Акаевдин куралын көтөргөн бирөөсүн.
Өлкөнүн уурдалган акчасынан күн көрөсүң,
Чындыкка жамынган жалганды жазып көнгөнсүң!
Буларга ишенбегиле эч качан, калайык,
Акчаны ар тараптан соруу – булардын өнөрү анык.
Ким акчаны көп берсе,
Ошерде тинтип жүрөт мындай балит нерсе.

**Эл үнү:**

Молодес, эң туура айтасын
Жоголсун Кремлдин куйругу,
Керек болсо Кремлди да талкалайбыз,
Эгерде мындай болсо Асмандын буйругу.
Авторитаризмди сагынгандын баары,
Ыңкылаптын душманы.
Ыңкылапты төнкөрүш деп табышкан,
Төнкөрүлсүн баары каргыштан!
Ыңкылаптын шаңдуу музыкасы угулат.
(Көшөгө).

# Үчүнчү көрүнүш

*Караңгылаган сахнада Журналист менен Рухайым алышат.* **к**

**Журналист:**

Март ыңкылабы
Маалымат согушун ырбатты,
Журналисттер эки тарапка бөлүнүп,
Чындыктан биротоло баш тартып
Бири-бири менен кармашты.
.

**Рухайым:**

Аларга теңелип,
Көзү ачык, бакшы, олуя,
Маркумдар менен сырдашканы,
Наркы дүйнөгө тиктегени олурая —
Бөлүнүп эки лагерге алар да
Бири-бири менен кырылышты.
Акаевдин кара күчтөрү
Ак күчтөр менен таймашты.
Баалайбы бул бийлик, түшүнөөр бекен
Эки дүйнөдө аны үчүн күрөшкөнүбүздү?

**Журналист:**

Эки эмес – үч дүйнөдө аны үчүн күрөшкөнүбүздү.

: Кандайча? **Рухайым**

: Маалымат чөйрөсүндө – бул бир дегин. Виртуалдык дүйнө – Интернетте. Бул эки дегин. Анан, эң акырында, көзү ачыктар, периштелер, желмогуздар дүйнөсүндө. Сен бул жагында президентибиздин фронтун бекем кармап турбадыңбы. **Журналист**

: М-да! **Рухайым**

Айтмакчы, Акаев президентиктен кетет деген кабарды алгачкы жолу качан алгансың? **Журналист:**

: Башынан эле бул адам бийликке татыктуу болгон эмес. Асман бул бийликти Чыңгыз Айтматовго буйруган эле, ал болсо бул асмандын буйругун Акаевге тапшырып берген. Улуу жазуучубуз ушул кадамы менен оор катаны кетирген. **Рухайым**

Бирок башындакоомчулук аны жакшы эле кабыл алды го? **Журналист:**

: Албетте, элдин үмүтү бар болгон, ал турсун Чынгыз Айтматовдун тандаганына да ишенишкен башында. Бирок, Асман, Манас атабыздын руху башынан эле бул кишиге каршы болгон. Ошого карабастан алгачкы жылдары Асман тим болгондой сыяктанган, бул президенти өз эркине коюп, балким оңолуп кетет деген ниетке өзүн өзү алаксытып. А бирок, анын жыйынтыгы жакшы болбоду. Президенттин бийликке татыктуу эместигин, кыргыз элине зыяндан башка эч нерсе алып келбестиги бат эле аныкталды. **Рухайым**

Качан сен анын тактан шерменде болуп кеткенине көзүң жетти? **Журналист:**

: 95-жылдары болушу керек. Ал менин түшүмө жылаңач болуп кирген болучу, ошондо мен алгач ирет анын аягы жакшы болбойт деп билгемин. Чынында бул киши ошондо эле президенттиктен кетиши керек эле, бирок ал мезгилде ал күчкө кирип, эсине келе баштаган Чынгыз Айтматовду бийликке келтирбей койбодубу. **Рухайым**

Бирок Айматов өзү күнөлү болду. Башынан эле, эл аны сурап жатканда, президенттикке келгенде, Кыргызстан өзүнөн өзү эле оңолмок.

Да-аа. Убагында кетпей, акыры он жылдан кийин зордолуп кетти. **Журналист:**

Жазуучу болсо убагында такка келбей, кийин арманда калып, бул жарыбаган президенттин азабын бөлүп калды. Кандай татаал драма жана трагедия! Баса *(Колундагы саатына карап).*

Бир аз кечигип калдым окшойт,
Эмесе мен барайын,
Мындай улуу заман башыбызга түшкөн соң,
Жөн эле жүрө бербейли темселеп,
Заман өзү билбесе да эмне кылаарын,
Бирдеме кылалы, аракеттенели, тыбырчылайлы
Жашоону туура жолго салууга ниеттенели,
Улуу урматтуу март ыңкылабынын айымы.

*Журналист кетет.*

Жалгыз калган Рухайымкреслого барып олтурат, өзүнүн ойлоруна чөмүлүп. Эми уктап кетейин дегенде анын жанына бийлеп үч азгырыктар – мурдагы бийлик тарабында болушкан көз боемочу, каргыш айтууга, дубаны салууга көнүгүшкөн адистер, кара-күчтөр чыгышат. Азгырыктар Рухайымды курчоого алышат. **Диктор:** ,

: Бул бийлик жакын арада эле тактан кетет деп уктук биз. Эмне дейсин буга, өлкөбүздүн чыгаан, атактуу саясий олуясы? **Биринчи азгырык**

: Ооба, бул президент тактан куулуп келет дейт, бийликке накта кыргызга күйгөн патриот жигит келет дейт. **Экинчи азгырык**

: Чет элде жашап абдан байыган кыргыз экен деп уктук биз. **Үчүнчү азгырык**

**Үчөө тең** *(Рухайымды айланып):*

Эгерде ал бийликке келсе,
Жыргайт деп уктук кыргыз эли.
Буга эмне демексин,
Бакиевди алып келген кызыбыз?

(аларды курчоосунан бошонуп): **Рухайым**

Адашып жатасыңар баарыңар,
Ошо бай жигиттин акчасына зарыгып.
Кет десе эле таарынган топ,
Президент кызматынан кетип калабы?

Сөзүңөн адашпагын өмүрдүн гүлү. Асман айтып жатат, ал келет деп. **Биринчи азгырык:**

: Ха-ха-ха. Эгерде билгиңер келсе, асман алып келди учурдагы президентти, мурдагы президентти да кууп кетирди. Асмандын буйругу, Манастын руху менен Ак-Үй алынды, бийлик алмашылды. **Рухайым**

**Экинчи азгырык:**

# Конец ознакомительного фрагмента.

Текст предоставлен ООО «Литрес».

Прочитайте эту книгу целиком, купив полную легальную версию на Литрес.

Безопасно оплатить книгу можно банковской картой Visa, MasterCard, Maestro, со счета мобильного телефона, с платежного терминала, в салоне МТС или Связной, через PayPal, WebMoney, Яндекс.Деньги, QIWI Кошелек, бонусными картами или другим удобным Вам способом.